# ТОКТОГУЛДУН АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ОРДУ

**АМАН КЫЗЫ БАКЫТГҮЛ**
*С.Нааматов атындагы НМУ, п.и.к., доцент*

Кылымдардан бери сөз кадырын аздектеп келген кыргыз эли көптөгөн акын-төкмөлөргө, жамакчы-жомокчуларга, санжырачы-манасчыларга өтө эле бай болушкандыктарын тарых улам далилдеп келет. Байыркы кыргыз элинин таланттары табигат менен бирге жашагандыктан, анын ар кандай кубулуштарына мезгилге, айга, жылдыздарга карай өзгөрүп туруучу көрүнүштөрдү ырдын тилине салып саяпкерлик менен ырдап келишкендиги жалпыбызга маалым. Бул багыттагы ар кандай талантуу инсандардын чыгармалары бүгүнкү күндө акындар поэзиясынан өздөрүнүн даңазалуу ордун таап, эстетикалык жактан баалуулугу менен турмуш сабактарынан, өткөн мезгилден сабак берип келет. Мурунку мезгилдердеги калктын социалдык абалын импровизациялап ырдап, айрым учурда күүгө салышып өнөрүн элге тартуулап келген акындарыбызды арбын кездештирүүгө болот.

Жалпыга белгилүү жазма адабиятыбыз пайда болгонго чейин эле «ыр» деген түшүнүк пайда болуу менен катар, ал сөздү жана обонду бирге камтып келгендигин, убакыттын өтүшү менен сөз жана күү өз бет алдынча маани бере баштаганын да эстен чыгарбашыбыз керек. «Акын» деген сөздүн кыргыз тилинде пайда болушу көбүнчө жазуучу акындардын чыгармачылыгы менен байланышып, алар өздөрүн ырчы дебестен, акын деп атай баштаган (5, 8-б.). Кыргыз элинен чыккан акындарыбыз уккан - көргөндөрүн ошол ордунан төгүп ырдап, калың журтка аттары таанымал болуп келишкен. Мындай акындардын катарын Токтогул, Калык, Жеңижок, Осмонкул, Алымкул, Барпы, Тоголок Молдо, Ысак Шайбеков жана башка көптөгөн таланттар толуктап келишет.

Биз сөз кылалы деп жаткан акыныбыз Токтогул Сатылганов. Ал өзүнүн көптөгөн ырлары, айтыштары, санат-насыяттары аркылуу кыргыз адабиятыбыздан, акындар поэзиясынан ордун тапкан. Анын дээрлик бардык чыгармаларында жашоонун маңызы, аруулук, ыйман, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо деген сыяктуу турмуштук мыкты үлгүлөр камтылган. Ал төкмө акын, обончу, комузчу, куудул, дастанчы, ойчул болгон. Айылдаштарынын айтымына караганда жана адабий булактардан улам атасы Сатылган, энеси Бурма ырга шыктуу, күү жандуу адамдар болгондугунан кабардарбыз. Болочоктогу акын он үч жашынан ырдап, комуз черткен. Ал 15 жашка чыккандан тартып, айыл аралап ырдай баштайт. Анын бул аралыктагы чыгармаларында лирикалык ырлары басымдуу орун элей тургандын аңдоого болот. Бул оюбузду акындын алгачкы ырларынан болгон «Эмне кызык», «Гүлдөп ал», «Алымкан» сыяктуу жана башка ырлары ырастап бере алат. 1882-жылы Токтогул Дыйканбай манаптын ырчысы Арзымат менен беттешип аны жеңет. Ошондон тартып акын элге таанылып, атагы чыга баштайт. Бул жылдары Токтогулдун ырларында алдыңкы демократиялык идеялардын камтылып, аздап өнүгө баштаганын байкоого болот. Атүгүл, бай-манаптар акынды өздүк ырчысы кылып арууга аракеттерин да жасашкан. Бирок алардын оюна көнбөгөндөн кийин Бактияр баш болгон бий-болуштар «Токтогул Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан» деген жалган жалаа менен 1898-жылы акынды каматышат. Ошол мезгилдеги убактылуу согуштук сот Токтогулду адегенде өлүм жазасына буйрук чыгарып, кийинчерээк ал жети жылдык сүргүн жумушу менен алмаштырат. Бул аралыктагы башынан өткөргөн оор кырдаал акынды басынтып коө алган эмес, тескерисинче акынды чыйралтып, турмушка жашоого болгон көз карашын терең калыптандырган десек болот.

Токтогулдун жашоого болгон көз караштарын кайсы бир деңгээлде бүгүнкү жашоого, чындыкка жакындаштырууга себеп бар. Акын сүргүнгө чейин жалпыга демократ-акын катарында белгилүү болсо, сүргүн мезгилинде анын саясий көз карашы өсүп, жаңы алдыңкы идеяларды камтыганын анын чыгармаларынан кылдат байкоого болот. Мисалы, Токтогулдун алгачкы учурдагы «Беш каман», «Эшен калпа» деген жана

башка чыгармаларында эзүүчү таптын мүчөлөрү дейбизби, аларды сынга алган. Бул акындын ошол учурдагы көз карашын билдире турган болсо, сүргүндөн кийинки ырларынын мазмуну кенен кулач жайып, терең ойлорду камтып, байыганын көрүүгө болот.

Токтогул ашыктык ырларынан тартып терме, санат, насыят, үлгү, алымсабак, айтыш ырларынын бардыгын ар түркүн обондор менен ырдаган. “Насылкан”, “Акбары”, “Арман”, “Чоң кербез”, “Келгендеги кербезим”, “Туткун ыры”, “Балам жок”, “Элиме качан жетемин” жана башка ондогон обондор мукамдуулугу, уккулуктуулугу аркылуу, улутубуздун ыр түрүндөгү чыгармачылыгынын уюткусун түзүүгө салым кошкон десек жаңылышпайбыз. Муну менен гана чектелбестен Токтогул акындар поэзиясындагы айтыш өнөрүнүн баштоочуларынан, аны жайылтуучулардан десек ашыктык болбос. Мисалга ала турган болсок, «Армандуу чымчык», «Торгой менен турумтай», «Эрке сары», «Чайкама», «Карөзгөй», «Тогуз кайрык» жана башка күүлөрүн атоого болот. Кыргыздын белгилүү элдик аспаптык “Камбаркан”, “Ботой”, “Кербез”, “Шыңгырама” аттуу күүлөргө өзүнүн жаңы күүлөрүн да жаратkандыгын да атай кетсек болот. Токтогул жогоруда белгилегендей ар тараптуу өнөр ээси болгон. Токтогулдун көзү тирүүсүндө өзүнүн аткаруусундагы бир да обону, ыры, дастаны кагаз бетине жазылып калган эместиги изилдөөлөрдө айтылып келет. Бирок, 1928-жылы москвалык музыка изилдөөчү А.Затаевич Токтогулдун өзүнүн аткаруусунда “Токтогулдун тогуз кайрык”, “Шынгырама кыз ойготор”, “Алайдын миң кыял”, ” Токтогулдун кербези” жана башка 18 күү жазып, ал гана турсун Токтогул төкмө акын, обончу, ырчы, куудул, комузчу гана эмес, “Жаныш-Байыш”, “Курманбек”, “Саринжи-Бөкөй”, “Кедейкан”, “Олжобай менен Кишимжан” аттуу дастандарды айткандарын жазып алгандыгын адабияттардан кездештирсек болот. Улуу демократ акыныбыздын өз учурунун мыкты таланты экендигин, анын маданияттуу, билимдүү, тыкан инсан экендиги шексиз жана көптөгөн тарыхый булактардан, илимий изилдөөлөрдөн ынанып келебиз. Ал өзбекче, казакча, татарча, орусча ырдап, алардын күүлөрүн балалайкада, комузда черткендиги чоң чебер экендигинен таамай кабар берет. Ар кыл талант ээси ондогон ырчылар менен комузчулардын устаты болгондугун эске сала кетсек. Азыркы биздин тил менен айта турган болсок, Токтогул акын өз мектебин түзгөн деп айтууга себеп бар. Калык, Коргол, Алымкул сыяктуу акындарга үлгү болуп, андан таалим алышкан.

Андыктан акындар чыгармачылыгынын ири өкүлү Токтогул Сатылгановду жана анын чыгармаларын XX кылымдагы кыргыз профессионалдуу адабиятыбыздын негизделип, түптөлүшүнө зор салым кошкон десек жаңылышпайбыз.

**Адабияттар**


1. Асаналиев К. Көркөм нарк.-Ф.: Кыргызстан, 1988
2. Айталиев А. Залкарлар арасында.-Ф.: Кыргызстан, 1986
3. Виноградов В.С. Токтогул Сатылганов и киргизские акыны. –М;-Л.: Музгиз, 1952
4. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. –Б.: “Шам”, 2006
5. Саманчин Т. Кылыч жазуучу акын. XIX жана XX кылымдын башындагы кыргыз адабиятынын тарыхынан. - Ф.: Кыргызстан, 1948,8-б